**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Ашыркул уулу Кенжебектин

өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2022-жылдын 5-октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ж.А. Шаршеналиев, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев сот отурумунун катчысы Г.А. Оморканованын катышуусунда Ашыркул уулу Кенжебектин өтүнүчүн карап чыгып, төмөнкүлөрдү

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2022-жылдын 13- сентябрында Ашыркул уулу Кенжебектин «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 46-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктун, 47-беренесинин 1-бөлүгүн, 2-бөлүгүнүн 2-абзацын, 52-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктун, 53-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө, 24-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 37-беренесинин 3-бөлүгүнө, 42-беренесинин 1-бөлүгүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 111-112-беренелерине карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуудан жана ага тиркелген материалдан келип чыккандай, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 46-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пункту жана 52-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-

пунктуна ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын жетекчисин кызмат ордуна дайындоодо шаарларда мэрдин, ал эми айыл аймактарда айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордун ээлөө үчүн бара жаткан талапкер ошол тиешелүү шаарда же айыл аймагында туулбаган жаран болушу керек.

Арыз势ануучунун айтымында, мындай ченемдерди киргизүү менен мыйзам чыгаруу органы жарандардын киндик каны тамган жерге барып кызмат кылуу укугун чектеген. Арыз ээси көрсөткөндөй, Ашыркул уулу Кенжебек, Кара-Буура айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Адыр айылында туулган жаран катары жогоруда аталган ченемдерге ылайык Кара-Буура айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордун ээлей албайт.

Кайрылуу субъектисинин пикири боюнча мыйзам чыгаруу органы тарабынан кандай максатта мындай чектөө киргизилгени түшүнүксүз. Талашылып жаткан ченемдерге ылайык, Кыргыз Республикасынын жарандары кайсыл шаарда же айылда туулган болсо, ошол шаардын же айылдын административдик-аймактык бирдигине караштуу өз алдынча башкаруу органынын аткаруу бийлигинин жетекчиси болууга мүмкүн эмес, мындай мыйзам ченем жарандын муниципалдык саясий кызматка кирүүсүнө бирдей укукту жана мүмкүнчүлүктү түзө албайт.

Мындан тышкары, арызданууучу Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын республикалык жана областык маанидеги шаарлардын мэрлерин Президент тарабынан, ал эми райондук маанидеги шаарлардын мэрлерин жана айыл өкмөт башчыларын райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким тарабынан дайындалышын белгилеген 47-беренесинин 1-бөлүгү жана 53-беренесинин 1-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-112-беренелерине карама-каршы келерин көрсөткөн. Арызданууучунун пикири боюнча талашылып жаткан ченемдер жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз

кызыкчылыктарына жараша жана жоопкерчилик менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү болуп эсептелген жергиликтүү өз алдынча башкаруу принцибине каршы келет.

Ашыркул уулу Кенжебек өз талаптарына жүйө катары Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын 1966-жылдын 16-декабрындагы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө пактысынын 2, 25-26-беренелерине шилтеме кылган. Ошондой эле ал, талашылып жаткан ченемдер, Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктиштигинин Парламенттер аралык Ассамблеясынын 1994-жылдын 29-октябрындагы «Шериктештикке катышкан мамлекеттердеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптери жөнүндө» токтому менен сунушталган Шериктештикке катышкан мамлекеттердеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптери жөнүндө Декларациядагы жоболорду эске алган эмес деп белгилейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, кайрылуу субъекти талашылып жаткан ченемдерди Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп табууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, ар бир адам Конституцияда таанылган укуктары жана эркиндиктери мыйзамдарда жана башка ченемдик актыларда бузулду деп эсептесе, алардын конституциялуулугун талашууга укуктуу. Бул жеке жана юридикалык жактар Конституциянын экинчи бөлүмүндө каралган укуктар жана эркиндиктер мыйзамдарда жана башка ченемдик укуктук актыларда

бузулган учурда гана Конституциялык сотко кайрылууга укугу бар дегенди билдирет.

Арызданууучу талашып жаткан «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 47-беренесинин 1-бөлүгү, 2-бөлүгүнүн 2-абзацы, 53-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү мэрди жана айыл өкмөтүнүн башчысын кызмат ордуна дайындоонун тартибин, Президент менен райондук мамлекеттик администрациянын башчысы-акимдин бул маселе боюнча ыйгарым укуктарын аныктайт. Ал эми, Конституциянын 111-112-беренелеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негиздери, аракеттенүү принциптери, түзүмү аныкталган жана адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерине тиешелүү ченемдик жоболор камтылган эмес.

Демек, бул бөлүктө берилген өтүнүчтү конституциялык сот өндүрүштүн алкагында кароого негиз жок. Калган бөлүгүндө берилген өтүнүч «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19, 21, 26-28-беренелеринин талаптарына ылайык келет.

Жогоруда аталган тыянактын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2, 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

А Н Ы К Т А Д Ы:

1. Ашыркул уулу Кенжебектин «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 46-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктунун, 52-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө, 24-

беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 37-беренесинин 3-бөлүгүнө, 42-беренесинин 1-бөлүгүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү бөлүгүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Ашыркул уулу Кенжебектин «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 47-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 2-бөлүгүнүн 2-абзацынын, 53-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-112-беренелерине ылайык келүүсүн текшерүү бөлүгүндө өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

3. Ушул аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Ж.А. Шаршеналиев

М.Р. Бобукеева

К.А. Дуйшеев

№_______